61

**«Бекитемин»**

**С.Нааматов атындагы НМУнун ректорунун м.а.**

**_____________ Саргашкаев Э.А.**

**«____»__________2025-ж.**

**САПАТ МЕНЕДЖМЕНТ СИСТЕМАСЫ**

**ЖАЛПЫ УНИВЕРСИТЕТТИК ЖОБО**

# С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРИН УЧУРДАГЫ КОНТРОЛДОО ЖАНА ОРТО АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**СМС ЖЖ 4.02-2025**
**2- чыгарылыш**
**кайрадан иштелип чыкты**

**Нарын 2025**

# КИРИШҮҮ

1. “С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин студенттерин учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо жөнүндө” жобо студенттерин учурдагы контролдоону жана орто аралык аттестациялоонун тартибин аныктоочу документ болуп саналат.
2. Жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети тарабынан «КР жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын окуучуларын учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо жөнүндө» жобонун негизинде иштелип чыкты.
3. НМУнун Окумуштуулар кенешинде 2025-жылдын 31-мартындагы №7 токтому менен бекитүүгө сунушталды.
4. НМУнун 2025-жылдын «11» апрелиндеги №01-4/76 буйругу менен бекитилди.

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо **С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин** (мындан ары - НМУ) студенттерин учурдагы контролдоо, орто аралык аттестациялоо жана академиялык карыздарды жоюу тартибин аныктайт.

2. Студенттерди учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо (зачетторду, экзамендерди, модулдарды, текшерүү иштерин, рефераттарды, баяндамаларды, оозеки сурамжылоолорду кабыл алуу) - университеттин студенттеринин окуу материалын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын билим берүүсүнүн минимумуна жана университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн даярдыгынын деңгээлине карата талаптарына ылайык өздөштүрүүсүн контролдоо.

3. Студенттердин жетишүүсүн учурдагы контролдоо (мындан ары - учурдагы контролдоо) - семестр ичиндеги оперативдүү контролдоо жана тийиштүү дисциплиналарды модулдар, оозеки суроо, рефераттар, докладдар текшерүү иштери түрүндө үйрөнүү процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн бөлүмдөрү (модулдар жана главалар) боюнча студенттердин билим деңгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо.

4. Студенттердин жетишүүсүн орто аралык аттестациялоо (мындан ары - орто аралык аттестация) - семестр аяктаганында (экзамендик сессия убагында) студенттердин жеке окуу пландарында ушул семестрде окутулушу каралган дисциплиналар боюнча зачетторду жана экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү контролдоо.

5. Учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо формасы университет тарабынан аныкталат, студенттерге семестрдин башталышына карата маалымдалат.

6. Экзамендер билимдин жана окутуунун сапатын орто аралык контролдоонун негизги формаларынын бири болуп саналат жана студенттин семестр ичиндеги ишин, теориялык билимдерди өздөштүрүү даражасын баалоо, өз алдынча иштөө көндүмдөрүн, алган билимдерин синтездөө жана аларды практикалык, кесиптик маселелерди чечүүдө колдонуу жөндөмүн текшерүү максатын көздөйт.

7. Дисциплина боюнча экзамен жок болгон учурда зачеттор студенттин теориялык билимин баалоонун формасы болуп саналат, ошондой эле студенттин лабораториялык жана эсептик-графикалык иштерди, курстук долбоорлорду (иштерди), практикалык жана семинардык сабактарды жана окуу сабактарынын башка түрлөрүн аткаруусун текшерүү формасы катары кызмат кылат.

8. Студенттердин жетишүүсүн баалоонун баллдык-рейтингдик системасы университет тарабынан иштин ар бир түрү үчүн белгиленген баллдардын жардамы менен окутуунун натыйжаларын баалоону карайт.

9. Факультативдик дисциплиналар боюнча студенттер өздөрүнүн каалоосуна ылайык экзамендерди жана зачетторду тапшырышат жана натыйжалар ведомостко, зачеттук китепчеге жана дипломдун тиркемесине киргизилет.

## 2. Орто аралык аттестациялоо тартиби

10. Учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоо окуу иштери боюнча проректор тарабынан белгиленген тартипте окуу жылына карата академиялык календарына ылайык жүргүзүлөт.

64

11. Айрым дисциплиналар боюнча учурдагы контролдон толук өтпөгөн билим алуучулар бул дисциплиналар боюнча экзамен тапшырууга киргизилбейт, бирок башка дисциплиналар боюнча экзамен тапшырууга укуктуу.

12. Сырттан окуу формасында студенттерге департаменттин жетекчиси зачеттук-экзамендик сессияга чейин контролдук тапшырмаларды тапшыруу жана курстук долбоорлорду (иштерди) жактоо мөөнөттөрүн жекече белгилөөгө укуктуу.

13. Факультеттин жетекчиси тийиштүү кафедранын өтүнүч катын эске алуу менен жакшы окуган билим алуучуларга контролдук тапшырмаларды, курстук долбоорлорду (иштерди) тапшыруунун жекече мөөнөттөрүн белгилеп, экзамендик сессиялар башталганга чейин айрым дисциплиналар боюнча экзамендерди жана зачетторду тапшырууга уруксат бере алат.

14. Экзаменге жана зачетторго келгенде билим алуучулардын зачеттук китепчеси болууга тийиш, аны экзаменаторго көрсөтүшөт.

15. Экзамендер экзаменатордун ассистенттеринин катышуусу менен лекциялык сабактарды өткөн экзаменаторлор (профессорлор, доценттер, улук окутуучулар) тарабынан кабыл алынат. Кафедранын чечими менен экзаменди өткөрүүгө бул дисциплина боюнча топто сабактардын башка түрлөрүн (практикалык, семинардык, лабораториялык сабактар) өткөргөн окутуучулар катышат.

16. Зачетторду ушул дисциплина боюнча топто практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактарды өткөн окутуучулар кабыл алышат.

17. Курстук иштерди (долбоорлорду), эсептик-графикалык иштерди жана жумуш ордунда окутуудан өткөндүгү жөнүндө отчетту жактоо алардын жетекчилеринин катышуусу менен кафедра дайындаган комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

18. Экзамендердин, курстук иштерди (долбоорлорду) жактоонун, жумуш ордунда окутуудан өткөндүгү жөнүндө отчеттордун жыйынтыктары НМУнун «Академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу жөнүндө ЖОБОдогу» баалоо шкаласына ылайык бааланат.

19. Экзамендерди жана зачетторду өткөрүүнүн формасы, ошондой эле студенттердин жетишүүсүн баалоонун критерийлери НМУнун «Академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу жөнүндө ЖОБОдо» белгиленген.

20. Факультеттин (институттун) жетекчисинин же окуу иштери боюнча проректордун уруксатысыз окуу процессине тиешеси жок бөтөн адамдардын экзамендерге жана зачетторго катышуусуна жол берилбейт.

21. Дисциплинанын айрым бөлүмдөрүн бир нече окутуучу окуган учурда - экзаменди же зачетту кабыл алуу ошол дисциплина боюнча лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды өткөн бардык окутуучулар тарабынан жүргүзүлөт, бирок бир баа коюлат.

22. Зачеттордун жана экзамендердин натыйжалары жетишүү ведомостуна коюлат. Экзамендерге жана зачетторго экзамендерди жана зачетторду тапшыруу расписаниесинде белгиленген мөөнөттө келбөө экзамендик/зачеттук ведомостто "келген жок" деген сөздөр менен белгиленет. Эгерде жүйөсүз себептен улам келбей койсо, анда факультеттин (институттун) жетекчиси тарабынан ал канааттандырарлык эмес баа катары каралат.

23. Экзамендердин расписаниеси ар бир дисциплина боюнча экзамендерге даярданууга кеминде эки календардык күн бөлүнгөндөй эсептөө менен түзүлөт. Бир экзамендик сессияга бештен көп эмес экзамен жана алтыдан көп эмес зачет киргизилет. Көрсөтүлгөн санга дене тарбия боюнча зачет жана факультативдик дисциплиналар боюнча отчет кирбейт. Окутуунун бардык формалары үчүн экзамендердин расписаниеси окуу иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет жана экзамендик сессия башталганга чейин кеминде бир ай мурда окутуучуларга жана студенттерге маалымдалат.

24. Экзамендик сессиянын жүрүшүндө студенттердин даярдыгынын сапатын талдоо жана билим берүү процессин андан ары жакшыртууну камсыздоочу чараларды көрүү факультеттердин жетекчилери жана кафедра башчылары тарабынан профессордук-окутуучулук курам менен биргеликте жүргүзүлөт. Экзамендик сессиялардын жыйынтыктары факультеттин жана Окумуштуулар кеңештеринин жыйындарында каралат.

### 3. Академиялык карызды жоюу тартиби

25. Экзамендик сессия аяктаган учурга карата жок дегенде бир экзамен же зачет боюнча канааттандырарлык эмес баа алган студент академиялык карызы бар деп эсептелет.

26. Документ менен ырасталган жүйөлүү себептерден (ооруп калуу, үй-бүлөлүк жагдайлар, узакка созулган кызматтык иш сапарлар, табигый кырсыктар) улам белгиленген мөөнөттөрдө зачетторду жана экзамендерди тапшыра албай калган студентке факультеттин (институттун) жетекчисинин буйругу менен экзамендерди жана зачетторду тапшыруунун жекече мөөнөттөрү белгиленет.

27. Канааттандырарлык эмес баа алган учурда документ менен негизделген учурлардан тышкары, студенттин орто аралык аттестациядан кайталап өтүшүнө жол берилбейт.

Канааттандырарлык эмес баа алган студент ошол дисциплина боюнча кайталап окуудан өтүүгө жана НМУнун «Академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу жөнүндө ЖОБОдо» белгиленген академиялык календарда белгиленген окуу мөөнөтүнүн ичинде академиялык карызын жоюуга укуктуу.

28. Орто аралык контролдоо мезгилинде жакшы бааны ("канааттандырарлык", "жакшы") жогорулатуу максатында кайра тапшырууга жол берилбейт.

29. Артыкчылык дипломун алуу үчүн жакшы бааны ("жакшы" деген баа гана) жогорулатуу максатында экзамендерди факультеттин жетекчисинин негиздүү (жүйөлүү) сунушу боюнча жана эки дисциплинадан ашык эмес кайра тапшырууга окуунун бүтүрүүчү жылында гана уруксат берилет. Экзамендерди мындай кайра тапшыруу боюнча бардык маселелер мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын жыйыны башталганга чейин кеминде бир ай мурда чечилүүгө тийиш.

30. Студенттердин жүйөлүү себептерден улам келип чыккан академиялык карыздарын жоюу мөөнөттөрү академиялык календарга ылайык факультеттин жетекчиси тарабынан белгиленет. Жумуш ордунда билим берүү программасын жүйөлүү себептер менен аткарбаган билим алуучулар факультеттин жетекчисинин уруксаты менен жумуш ордунда окутууга кайталап жөнөтүлөт. Кайталанган жумуш ордунда окутуунун мөөнөттөрү факультеттин жетекчиси тарабынан жекече тартипте белгиленет.

31. Канааттандырарлык эмес баа алган учурда студент апелляция берүүгө укуктуу. Апелляция ал тарабынан эки күндүн ичинде берилиши мүмкүн (экзамен тапшырылган күндү

кошуу менен). Апелляцияны кароо үчүн факультеттин жетекчиси тарабынан курамы үчтөн кем эмес окутуучудан, анын ичинде канааттандырарлык эмес баа койгон экзаменатордон турган, кафедра башчысынын же аны алмаштырган адамдын төрагалыгы алдында комиссия түзүлөт. Эгерде комиссия студенттин жообу жакшы баага татыктуу деген тыянакка келсе, бул баа экзамендик ведомостко коюлат. Комиссия койгон баа акыркы баа болуп саналат.

32. НМУга которуу же окууга калыбына келтирүү тартибинде кабыл алынган адамдарга мурда тапшырылган дисциплиналар боюнча академиялык кредиттерди кайра зачеттоо жөнүндө маселе баа алган күндөн тартып канча убакыт өткөнүнө карабастан, бул дисциплиналар боюнча программалык талаптардын окшоштугуна жараша ар бир өзүнчө учурда факультеттин жетекчиси тарабынан чечилет.

------------------ ДОКУМЕНТТИН АЯГЫ ------------

**ИШТЕЛИП ЧЫКТЫ:**
Окуу башкармалыгы тарабынан

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**
Окуу иштери боюнча проректор менен

**Өзгөртүүлөрдү киргизүү барагы**

| *Өзгөртүүлөр* | барактын номери | | | Өзгөртүү киргизилген дата | документтеги жалпы барактын саны | Өзгөртүү киргизүүгө жооптуунун колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Өзгөртүлгөн | Жаны | Баштапкы | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |